УДК: 81-42

**Касымбекова Н. Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети*

## САЛТТУУ АСТРОНОМИЯЛЫК БИЛИМДЕР

**Касымбекова Н. Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
*Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева*

## ТРАДИЦИОННЫЕ АСТРОНОМИЧЕСКИЕ ЗНАНИЯ

**Kasymbekova N. Zh.**
candidate of philological sciences,
associate professor
*Kyrgyz State University named after I. Arabaev*

## TRADITIONAL ASTRONOMICAL KNOWLEDGE

**Аннотация.** Сан-өлчөм түшүнүктөрүнүн тилдик, улуттук, маданий маани-маңызын комплекстүү изилдөө зарылдыгы иштин актуалдуулугун аныктайт. Макалада байыркы кыргыздардын космизм идеясын этностун болмушунун өзгөчөлүктөрүнүн негизинде талдоо максаты коюлган. Этномаданий лексиканы иликтөөдө салыштыруу, анализ, синтез, тилдик фактыларга негизделген контексттик талдоо, сандык эсептөө ыкмалары колдонулду. Байыркы кыргыздардын этноастрономиялык билимдерин чагылдырган нумеративдик репрезентанттар универсалдуу тилдик бирдиктин милдетин аткарары аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыктары байыркы кыргыздардын тилдик дүйнө таанымын иликтөө иштериндеги боштуктарды толтурууда зор мааниге ээ. Себеби, этноастрономиялык чен бирдиктер коомдук-маданий тажрыйбанын контекстинде коом менен космикалык чөйрөнүн өз ара мамиле принциптерин конструктивдүү логикалык-гносеологиялык түшүнүүнүн чордонун ээлейт. Табигый сааттын жана багыт алуучу компастын милдетин аткарган классикалык үлгүлөр "Манас" эпосундагы тилдик фактылар менен бышыкталат.

**Негизги сөздөр:** нумеративдик репрезентанттар, табигый саат, этноастрономиялык билим, асман телолору, космизм идеясы, мезгил мыйзамдары, циклдүүлүк.

**Аннотация.** Актуальность работы обусловлена необходимостью комплексного изучения национально-языковых и национально-культурных значений единиц измерения древних кыргызов. Целью данной работы является анализ идеи космизма древних кыргызов с учетом особенностей существования этноса. При анализе этнокультурной лексики применяются методы сопоставления (сравнения), анализа, синтеза, контекстуальный и статистический анализ. В исследовании приводятся примеры использования нумеративных репрезентантов, отражающих этноастрономические знания древних кыргызов в качестве универсальных языковых единиц. Выводы, сделанные в ходе исследования позволяют говорить о новых знаниях в вопросах изучения языкового познания мира древних кыргызов. Потому как, этноастрономические единицы измерения в контексте общественно-культурного опыта находятся в центре конструктивного логико-гносеологичекого понимания принципов взаимодействия общества и космической среды. Классические примеры природных часов и компаса подтверждаются языковыми фактами из эпоса Манас.

**Ключевые слова:** нумеративные репрезентанты, природные часы, этноастрономические знания, небесные тела, идея космизма, законы времени, цикличность.

**Abstract.** The need for a comprehensive study of the linguistic, national and cultural significance of the concepts of quantity determines the relevance of the work. The article is aimed at the philosophical and methodological analysis of the essence of the idea of cosmism of the ancient Kyrgyz based on the peculiarities of the life of the ethnos. When studying ethnocultural vocabulary, methods of comparison, analysis, synthesis, contextual analysis based on linguistic facts, and

numerical calculations were used. It turned out that numerical representations reflecting the ethno-astronomical knowledge of the ancient Kyrgyz act as a universal linguistic unit. The results of the study are important for filling the gaps in the study of the linguistic worldview of the ancient Kyrgyz. This is due to the fact that ethno-astronomical units underlie a constructive logical-epistemological understanding of the principles of interaction between society and the space environment in the context of sociocultural experience. The classical patterns that act as a natural clock and compass are supported by the linguistic facts of the Manas epic.

**Key words**: numerical representations, natural clock, ethno-astronomical knowledge, celestial bodies, the idea of cosmism, laws of time, cyclicity.

Сан-өлчөм түшүнүктөрүнүн ичинен этноастрономиялык лексикага алгачкы изилдөөлөр А. Аскарова, И. Демидова, А. Моисеев, Б. Солтоноев, К. Сейдакматов тарабынан башталса, кыргыз орус тилдериндеги темпоралдык лексика өзүнчө топ катары А. Н. Сыдыковдун «Кыргыз орус тилдериндеги мезгилдик маанини билдирген лексикалык-семантикалык микросистема (зат атоочтордун материалында)» аттуу кандидаттык диссертациясында (1996) жана У. Камбаралиеванын «Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира» аттуу монографиялык изилдөөсүндө «время/убакыт» концептилеринин материалдарынын негизинде салыштырылып талданса, Али Дашман «Кыргыз жана түрк тилдериндеги убакыт-мезгилди туюндуруучу лексикалык каражаттар» аттуу кандидаттык диссертациясында (2009) кыргыз-түрк мисалында иликтейт. Кыргыз тилиндеги темпонимдерге жалпы мүнөздөмө А. Каргалдаева тарабынан берилген (2003). Ал эми окумуштуу З. К. Дербишева «Тил жана этнос» аттуу монографиясында (2017) мезгил жана мейкиндик концептосферасына өтө кенен токтолгон. Ал эми Ш. Б. Акмолдоева «Манас» форма духовного освоения действительности древними кыргызами» аттуу докторлук диссертациясында (1998) жана Б. Жумабаевдин «Кыргыз дүйнө таанымы» (2011) аттуу эмгегинде бул тилдик катмарга философиялык өңүттө талдоо жүргүзүлгөн.

Анткени, асман китеби космостун түзүлүшүн, ааламдагы адам баласынын ордун символдук түрдө сүрөттөп берет. Аны үнүлө окуп, грамматикасын – асман телолорунун кыймылын, сөздүктөрүн – Күн, Ай, жылдыздар, планеталарды жатка билүү менен гана ааламда жүрүп жаткан иш-аракеттин жигердүү катышуучусуна айланышкан. Анын ар бир кыймылын дыкат көзөмөлгө алып, тажрыйба топтошуп, тиричилигин табияттын ыңгайына карата жүргүзүп келишкен. Түнкү асман жылдыздуу актерлордун жардамы менен космикалык тартип тууралуу драмалар коюлуучу сахнанын кызматын аткарган. Асман ыргагын күн менен түндүн үзгүлтүксүз алмашуусуна, Айдын жаңырып, толуп, кемигенине, Күн менен жылдыздардын мезгилдик циклдерине жараша аныкташкан. Асман телолору жатка билген жолдору менен көчүн токтотпой, адаттагы жерине "конуп", белгилүү бир тартипке ылайык "коштошуп", убагы келгенде "сахнада" пайда болуп, кийинки "оюнун" ойной баштаганын байкашкан. Анын ыргагына, боекторуна кылдат байкоо жүргүзүү менен адам менен табияттын ортосундагы байланышты илимий дагы, поэтикалык дагы өңүттө аңдай баштаган. Натыйжада Жердеги адам баласынын жашоо-турмушу да төрөлүү, чоңоюу, карылык, өлүм, кайра жаралуу этаптарынан (асман телолору сымал) турарын түшүнүшкөн. Изилдөөчү С.Каскабасов: «Архаикалык мифтерден байкалган башкы мыйзам ченемдүүлүк – адам жандуу, жансыз табиятты, жылдыздарды, Ай менен Күндү таанып-билүүдө аларды өзүнө окшоштургандыгында» [1, 24]. Француз окумуштуусу Поль Лафарг айткандай: «Ай күндүн жарыгын чагылдырган сымал, асман да жердеги жашоону чагылдырат, асмандан адам жердеги өзүнүн драмасы менен комедиясын көрөт» [2, 24]. Мындай үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүүлөрдөн алардын белгисиз жаңы сырлары ачылып олтуруп, натыйжада этноастрономиялык билимге пайдубал болгон уникалдуу тажрыйбалар топтолгон. Байыркы кыргыздар асман "кодун" жандырып, тилмечсиз баарлашып, "түптүз эле асмандын өзүнөн" турмуш-тиричилигине зарыл практикалык кеңештерди алып турушкан. Асман саат, компас жана календардын милдетин аткарган. Аны окумуштуу Д.Г. Ищуктун "ай лексемасы убакытты өлчөөчү алгачкы бирдик болуп эсептелет" дегени да тастыктайт [3, 64]. Айдын индоевропалык "moon" деген аталышынын уңгусу (me) "ченөө-өлчөө" деп которулат. Ал эми "mensura" деген латынча аталышы 1) ченөө; 2) өлчөм; 3) чоңдук, узундук, аралык, сан деп чечмеленет [4, 19].

Демек, атына заты жарашкан Айдын байыркы мезгилдерден бери эле күн санагын жүргүзүүгө, айдын эсебин алууга негиз болгондугу бекеринен эмес.

"Манас" эпосунда асман чырактарынын ичинен табигый сааттын классикалык үлгүсү катары пайдаланылган Ай культунун нумеративдик репрезентанттары бай лексикалык-фразеологиялык катмарды түзөт. Мисалга алсак, *ай батканча, ай батканда, ай башы, ай мезгили болуптур, ай туяктай* ж.б.

Чыгармадагы ай эсеби тууралуу алгачкы маалымат Аккелте мылтыкты бекиткен жеринен издеп барып, таппай калган Бакайдын оозунан угабыз:

*Ай эсебин алганда,*
*Жыйырма төрт ай болгондо [5, 260].*

Асман мейкиндигиндеги Айдын фазалык саякаты: туулушу, толушу, кемиши асман телолорунун ичиндеги көзгө урунттуу кубулуштардын бири болгон. Мезгил-мезгили менен толуп, кайра кемип турган ай кайсы бир деңгээлде жарык менен караңгынын күрөшүн чагылдырат. Шекспир жүзүн тынымсыз өзгөртүп турган айды туруксуздуктун, өзгөрүлмөлүүлүктүн белгиси деп атаган. Өзгөрүлмөлүү Айдын ар түрдүү абалы ар башкача кабылданган. Муну окумуштуу А. Вежбицкая мындайча түшүндүрөт: «... жалпы адамзат үчүн универсалдуу болгон түшүнүктөр ар бир маданиятта өзгөчө конфигурацияга ээ болот» [6, 213]. Кыргыздардын жаңырган айды төрөлүү, кайра жаралуу менен байланыштырышы – буга далил. Ал эми кемиген айды алсыроо, өлүү деп түшүнүшкөн. "Айды капка салышып, ай эсебин алышкан" ата-бабаларыбыздын архаикалык маалыматтарынан бул тууралуу көптөгөн далилдерди табууга болот. Кыйындардын баарысын кытайга белек алдырып, Чоң-Казаттан кайткан жолдо Манас баатырды үч айым – Арууке, Бурулча, Бирмыскал, тосуп алып:

*Аяш жан, ай караңгы болгондо,*
*Түндү эмине кылабыз?*
*Асылдардан аркада эркек бала жок,*
*Дегеле күндү эмине кылабыз? [5, 666]*

деп, Манас баатырдын каңырыгын түтөтөт. Андан көп узабай канкорунан айрылган кайран катын Каныкей

*Көзүнөн аккан кандуу жаш*
*Дайра эле кара суу болуп.*
*Асмандагы ай чыкпай,*
*Ой тобо-о-й, ай караңгы түн болуп [5, 694]*

деп, кандуу бетин жыртып баатырын жоктойт. Каралуу айымдардын кайрылуу-кошогунан кемиген айдын армандуу нотасын түшүнүүгө болот.

Көзгө сайса көрүнгүс ай чыкпаган караңгы түн мезгилдик түшүнүк гана эмес, өлүм-житимдин, кайгы-капанын, сыр жашыруунун белгиси, адам ыйманын баалоонун атрибуту катары кызмат кылган. Түндө элге жоо келген, ууру-бөрүлөр кол салган, табияттын алай-дүлөйү көп катталган, оорулуулар-ды ажал тооруган.

*Үйүң күйгөн Алөөкө*
*Манжуусуна мингизди,*
*Кан-казына ордомо*
*Күрмөлөрүн күлдүйткөн*
*Күчтүүлөрүн киргизди,*
*Калайман салып элиме,*
*Каран түн салды өзүмө [5, 10]*

деп, Нойгуттун каны Акбалта Алоокенин чапкынын түнгө салыштырса,

*Калдайы кармап албайбы,*
*Каран түндү салбайбы! [5, 163]*деп, азаптуу келечектен кооптонушкан.

*Алакең окко учканда,*
*Капкараңгы түн болуп,*
*Кайрылгыс мүшкүл күн болуп [5, 645]*

деп өлүм, ажал капкараңгы түн мүнөзүндө сыпатталган. Ал эми туяк деп зарлаган Акбалта Куу каймалга жүктөлгөн баланы таап алганда, жанындагыларды ак буудай унун чайнатып, Ак куранды карматып, айтпаска ант бердиртип:

*Күүгүм кире, күн бата,*
*Элдин алды ным жата,*
*Бир адамга билгизбей,*
*Бир кишиге көрүнбөй,*
*Кең Алтайда элине*
*Салып жетип келди эле,*
*Ич этине катып баланы*
*Алып жетип келди эле [5, 336]*

дейт. Мында табышмактуу, жандырмагы туюк сыр кара түндөй элге белгисиз бойдон калса деген үмүтү байкалат. Ошол Чубак баатыр атасына таарынып, түндөп кетет:

*Кыялы жинди чоң жинин*
*Чогоолуң Чубак баштады,*
*Чоң таарынып Балтайга*
*Ойгут журтту таштады.*
*Ай караңгы түн болду,*
*Ойлосо дүмөк күн болду [5, 341].*

К. К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" да түндүн метафоралык мааниси "бактысыздык", "кырсык" деп чечмеленет. Мисалы, душмандар элге каран түн салды, эрлер өлдү, аялдар кара кийди, очок өчтү [7, 282]. Изилдөөчүлөрдүн көптөгөн эмгектеринде түн "жоголуу" маанисин туюндурган

түшүнүк катары каралат. Бул, балким, “жарыктын, жылуулуктун жоголушу” менен байланыштуу келип чыккандыр [8, 214]. Сөздүктөрдөгү маалыматтарга караганда, түс – бул кандайдыр-бир деңгээлде адамдын көрүү сезимине таасир тийгизүүчү жарыктын касиети [9, 246]. Ал эми адамдын жашоосу жана анын мейкиндиктеги абалы көрүү жөндөмдүүлүгү менен түздөн-түз байланыштуу. Караңгылык адамдын иш-аракетин чектеп койгондуктан, аң-сезимде тоскоолдук катары кабылданат. Ошондуктан коомдогу, адам жашоосундагы бардык терс көрүнүштөр, окуялар кара түстө сүрөттөлөт [8, 363].

**Адабияттар:**


1. Юдахин, К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – Бишкек: Кут-Бер, 2012. – 973 б.
2. Толеубаев, А. Т. Реликты доисламских верований в семейной обрядности казахов. – Алматы: Гылым, 1991. – 214 с.
3. Зеленин, Д.К. Статьи по духовной культуре 1917-гг. . – М.: Индрик, 1999. – 348 с.
4. Камалов, А.А. Башкирская топонимия. – Уфа: Китап, 1994. – 304 с.
5. Каралаев, С. Манас. – Бишкек: Турар, 2010. – 1-китеп. – 1005 б.
6. Байбосунов, А. Жаратылыш жана адам. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 192 б.
7. История эстетической мысли. 6 т. / гл. ред. М.Ф. Овсянников. – М.: Искусство, 1985. – Т. 2: Средневековый Восток. Европа XV-XVIII веков. – 456 с.
8. Фасмер, М. Этимологический словарь русского языка. 4 т. / М. Фасмер. – М.: Азбука-Терра, 1996. – Т. 3. – 832 с.
9. Вежбицкая, А. Семантические универсалии и описание языков. – М.: Яз. рус. культуры, 1999. – 896 с.
10. Байбосунов, А. А. Донаучные представления киргизов о природе. – Фрунзе: Мектеп, 1990. –184 с.
11. Седова, Л.Н. Вопросы русской метрологии на уроках и внеклассных занятиях по математике. –Ярославль: [б.и.], 1999. – 65 с.
12. Жусупов, К. Ж. Кыргыздар. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – Т. 5. – 648 б.
13. Карасаев, Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан. – Бишкек: Шам, 1995. – 500 б.
14. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 775 б.